* иш графигин жана окуу расписаниесин өзгөртүүгө

* сабактын жана тыныгуунун узактыгын кыскартууга же узартууга

*сабактан окуучуну четтетүүгө

*сабакты себепсиз калтырууга

6. Иштеги жетишкендиктери үчүн сыйлоо

6.1 Иш милдеттерин үлгүлүү аткарганы, балдарга билим берүү жана тарбиялоодо болгон ийгилиги жана башка иши үчүн сыйлоолор каралат

*ыраазычылык билдирүү, грамоталар, ББ мыктысы төш белгиси

Мектептин иштөө режими:

1.Окуучулардын кирүүсү 7.30дан башталат

2. 7.40 гимнастика

3.8.00 сабактар башталат

4.Дежур мугалим конгуроонун убагында берилишин, тартипти, 3-6- сабактан кийинки класстардын тазалыгын көзөмөлдөйт.

5. Ар бир мугалим сабак башталаарга 15 мүнөт калганда келет.

6.Окуу жылы 4 окуу чейрегине бөлүнөт:

1-чейрек. 1- сентябрдан 28-октябрга чейин 7 календпрдык күн

2- чейрек 9-ноябрдан 30-декабрга чейин 12 календардык күн

3-чейрек 11-январдан 20-мартка чейин 10 календардык күн

4-чейрек 30-марттан 25-майга чейин

7. Класстык журналга өзгөртүүлөрдү, жаны келген окуучуларды эсепке алуу жана кеткен окуучуларды чыгыштоо окуу завучунун көрсөтмөсү боюнча киргизилет

8.Окуу жылы ичинде мугалимдер окуу бөлмөлөрүн бири-бирине өткөрүп берип туруусу зарыл.Окуу бөлмөнөн сакталышы кабинет башчыга милдеттендирилет.

9. Мектепте мугалимдердин жана окуучулардын тамеки чегүүсүнө тыюу салынат.

10.Башталгыч класстын окуучулары тамактанып жаткан учурда класс жетекчи алардын тартибин сактап, окуучуларды коштоп барат.

11.Мугалимдердин сыркоодон кийин жумушка чыгуусу оору баракчасы менен коштолот.

12. Класстык журналга класс жетекчи жооп берет, бардык маалыматтар толтурулат.

13.Ата-энелер чогулушу бир айда бир жолу өткөрүлөт.